Орозбеков айылдык кеңешинин
жетинчи чакырылыш кезектеги он
жетинчи сессиясынын 28.04.2023-ж.
№ 119 токтомуна 1 -тиркеме

**Орозбеков айыл аймагынын Жергиликтүү жамааттарынын Типтүү уставы**

Биз, Орозбеков айыл аймагынын жергиликтүү жамааты, өз аймагыбызда жергиликтүү маанидеги маселелерди өз демилгебиз жана өз жоопкерчилигибиз менен чечүү укугубузду жана милдетибизди сезүү менен; ата-бабабыздын "Ырыс алды ынтымак", " Көп түкүрсө көл" деген накыл кептерин туу тутуп; өзүбүздүн аймагыбызда жашаган жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жана башка жарандардын бузулбас биримдигин, ынтымагын, коомдук тартипти жана тынчтыкты курууну камсыз кылууну, адеп-ахлакты тазартууну жана чыңдоону, айыл аймагыбызды өнүктүрүүнү максат кылып; жергиликтүү жамааттын ички жашоо-тиричилигинин негизги принциптерин жана эрежелерин күндөлүк турмушка киргизүүнү көздөп,ушул уставды кабыл алабыз.

**Жалпы жоболор**

**I. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары**
**II. Жергиликтүү маанидеги маселелер**
**III. Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга түз катышуу формалары**
**IV. Жергиликтүү жамааттын ички жашоо-тиричилигинин негизги принциптери жана эрежелери**
**V. Жергиликтүү жамааттын башка тараптар (субъектилер) менен алака жүргүзүүсүнүн тартиби**
**VII. Жергиликтүү жамааттарда жарандардын өз алдынча уюмдашышынын экономикалык - чарбалык негиздери**
**VIII. Корутунду жоболор**

## I. Жалпы жоболор

***1.Жалпы жоболор***

1.1.Айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставы - жергиликтүү жамааттын жыйындарында (чогулуштарында) же курултайларында талкуунун жыйынтыгы боюнча жергиликтүү кеңештин токтому менен бекитилүүчү, жергиликтүү жамааттын ич-ара жашоо-турмушунун негизги эрежелерин жана принциптерин жөнгө салуучу, жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин кароочу, жергиликтүү жамааттардын бюджеттик процесстерге катышуусун кошкондо жергиликтүү маанидеги маселелерди жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынбаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин башка маселелерин чечүүдө жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн бири- бири менен жана жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара мамилелеринин тартибин кароочу акт болуп саналат.

1.2.Ушул Устав айыл аймагында колдонулат жана өзүнүн уюштуруу-укуктук түрүнө карабастан, айыл аймагында иштеп жаткан бардык юридикалык жактар, ошондой эле жеке жактар жана алардын бирикмелери үчүн милдеттүү болуп санал